КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ
БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН МҮЧӨЛӨРҮНҮН БАЙКООЧУЛАР МЕНЕН ИШТЕШҮҮСҮ БОЮНЧА

# ЭСКЕРТМЕ



ЖК ШАЙЛОО
ВЫБОРЫ
28.11.2021

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ФОНД ИЗБИРАТЕЛЬНЫХ СИСТЕМ

## Мазмуну

**Жалпы принциптер .................................................................. 2-б.**

**Байкоочу деген ким? ................................................................ 2-б.**

**Добуш берүүчү жайда байкоочулардын**

**уктарынын ишке ашуусу ....................................................... 3-б.**

**Байкоочунун жоопкерчилиги ....................................................4-б.**

**Имараттан тышкары добуш**

**берүүгө байкоо жүргүзүү ........................................................ 6-б.**

**Сүрөт жана видео тартууга укук ............................................. 6-б.**

**Байкоочу эмне кылууга укугу жок? .........................................7-б.**

**Конституциялык-административдик жоопкерчилик................9-б.**

## ЖАЛПЫ ПРИНЦИПТЕР

Шайлоо комиссияларынын добуш берүү күнү иши башталган учурдан тартып, мөөнөтүнөн мурда добуш берүү күнү (2021-жылдын 27-ноябры) жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду кабыл алуу жөнүндө билдирүү келип түшкөнгө чейин, ошондой эле добуштарды кайра саноо учурунда добуш берүүчү шайлоо участкаларына КР БШК тарабынан аккредиттелген байкоочулар катышууга укуктуу.

Добуш берүү башталганга бир саат калганда байкоочулар шайлоо участогуна кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Байкоочулар белгиленген мөөнөттүн ичинде, анын ичинде добуштарды эсептөө учурунда алар тарабынан эркин тандалып алынган убакыттын аралыгында да үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүүгө укуктуу.

Шайлоо комиссиясынын төрагасы комиссиянын ишинде ачыктыкты жана айкындуулукту камсыз кылууга, шайлоочуларга алардын активдүү шайлоо укуктарын ишке ашыруунун тартибин, ал эми добуш берүүгө жана добуштарды эсептөөгө катышкандарга комиссия тарабынан аткарылган иш-аракеттердин маанисин түшүндүрүүгө милдеттүү.

Шайлоо участкасында байкоочулар жана башкалар менен жакшы мамиледе болуу шайлоо күнү иштөө абалын максималдуу камсыздай турганын шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү эстен чыгарбашы керек. Демек, ишеним жана кызматташтык атмосферасын түзүүгө, өз укуктарын ишке ашырууда байкоочулардын мыйзамдуу ишмердүүлүгүнө көмөк көрсөтүүгө умтулуу зарыл.

## БАЙКООЧУ ДЕГЕН КИМ?

**Байкоочу -** шайлоону даярдоого, добуш берүүнүн жүрүшүнө, добуштарды эсептөөгө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоого жана шайлоонун жыйынтыгын чыгарууга байкоо жүргүзүү үчүн мыйзамда белгиленген тартипте талапкер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия тарабынан дайындалган адам.

**Коомдук байкоочу -** Кыргыз Республикасынын коммерциялык эмес уюму (мындан ары - коммерциялык эмес уюм) тарабынан шайлоону даярдоого, добуш берүүнү өткөрүүгө, добуштарды эсептөөгө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын мыйзамда белгиленген тартипте аныктоого байкоо жүргүзүү үчүн дайындалган адам.

**Эл аралык байкоочу -** мыйзамда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасында шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүү укугуна ээ болгон чет өлкөлүк же эл аралык уюмдун өкүлү болгон адам.

## ДОБУШ БЕРҮҮЧҮ ЖАЙДА БАЙКООЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫНЫН ИШКЕ АШУУСУ ЖАНА БАЙКООЧУЛАРДЫН ЖАЙГАШКАН ОРДУ

Шайлоо участогунда башкы адам шайлоочу, ал эми шайлоо комиссиясы мыйзам боюнча анын эркин билдирүүсү үчүн бардык шарттарды түзүүгө жана добуш берүүнүн купуялуулугун камсыз кылууга ыйгарым укуктуу. Ушуга байланыштуу шайлоо комиссиясы шайлоо бюллетендери, добушту купуя берүү жерлери, АЭУ бир эле учурда байкоочулардын көз алдында тургандай кылып байкоочулардын жайгашкан жерин аныктоо максатка ылайыктуу.

Добуштарды саноодо жана добуш берүүнүн натыйжаларын аныктоодо байкоочулар шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан аныкталып катышкандардын көрүүсүнө тоскоолдук кылбай турган жерден участкалык шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук кылбаган фото, кино, видео тартууну колдоно алышат.

***Байкоочу укуктуу:***

1) эркин жүрүүгө жана каалаган шайлоо участкасында болууга;

2) шайлоого байкоо жүргүзүүдө өзүн каалаган шайлоо участогунда коштоп жүрүүчү котормочу менен камсыз кылууга;

3) шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү жөнүндө өз пикирин ачык айтууга;

4) пресс-конференцияларды өткөрүүгө жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө кайрылууга;

5) шайлоочулар, талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлер, саясий партиялар, шайлоонун башка катышуучулары менен жолугушууга;

6) шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга жана шайлоо документтери менен таанышууга:

7) добуш берүүнүн купуялуулугун бузбастан шайлоо участкаларында болууга, добуш берүүнүн жүрүшүнө, анын ичинде техникалык каражаттарды колдонуу менен байкоо жүргүзүүгө, фото, видео, аудио жазууларды жасоого;

8) шайлоо алдындагы үгүт иштеринин белгилерин камтыбаган төш белгилерди тагынууга, алардын статусун, аты-жөнүн, алар өкүлү болгон уюмдун аталышын көрсөтүүгө;

9) каалаган деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамын түзүүгө байкоо жүргүзө алат;

10) шайлоочулардын тизмелерин түзүү процессине, шайлоочуларды каттоонун жүрүшүнө, турган жери боюнча шайлоочулардын тизмесине киргизүү жөнүндө арыз берген шайлоочуларга байкоо жүргүзөт. Добуш берүү күнү байкоочу тизме менен таанышып жатып, шайлоочуга шайлоо бюллетенин бергенинин аныктыгына ынанышы үчүн, добуш берүү убактысы башталганга чейин байкоочуларды жашаган жеринин дареги ошол шайлоо участогунун чек араларына туура келген шайлоочулардын тизмеси менен тааныштыруу жакшы.

11) добуштарды эсептөөгө жана добуш берүүнүн натыйжаларын аныктоого, шайлоонун натыйжаларына байкоо жүргүзүүгө, автоматтык түрдө добуш берүү үчүн урналардын протоколдорун алууга, шайлоо документтеринин көчүрмөлөрүн алууга байкоо жүргүзүү. Добуштарды тикеден-тике саноо жүргүзүлүүчү жер добуштарды саноого катышкандардын бардыгына участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн иш-аракеттерин толук көрүүнү камсыз кыла тургандай жабдылышы керек.

12) шайлоолорду жана референдумдарды маалыматтык камсыздоого байкоо жүргүзөт;

13) даттануулар (арыздар) жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер менен таанышуу. Бул үчүн байкоочу төраганын, анын орун басарынын, шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн үстөлүнө жакындай алат. Байкоочунун шайлоо документтери менен таанышуу укугун камсыз кылган шайлоо комиссиясынын мүчөсү таанышуу учурунда бул документтердин сакталышын камсыз кылууга милдеттүү.

14) шайлоонун натыйжалары боюнча корутунду берет.

15) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка аракеттерди жүзөгө ашырат

## БАЙКООЧУНУН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

***Байкоочу милдеттүү:***

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, "Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине мүчө мамлекеттерде

демократиялык шайлоолордун стандарттары, шайлоо укуктары жана эркиндиктери жөнүндө Конвенциянын" жоболорун, башка эл аралык документтерди сактоого;

2) саясий бейтараптуулуктун, калыстыктын, Кыргыз Республикасынын улуттук эгемендигин урматтоонун, шайлоо органдарына, мамлекеттик жана башка органдарга, кызмат адамдарына, шайлоонун катышуучуларына карата ар кандай артыкчылыктарды же баа берүүдөн баш тартуу принциптерин жетекчиликке алуу менен өз функцияларын аткарууга;

3) шайлоонун бардык этаптарында, анын ичинде добуш берүүдөн кийин процесске кийлигишпөөгө;

4) өзүнүн бардык корутундуларын байкоолорго жана фактылык материалдарга негиздөөгө;

5) добуш берүү аяктаганга чейин жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана коомчулуктун өкүлдөрүнө өз байкоолоруна байланыштуу ар кандай бааларды, сын-пикирлерди, сунуштарды жана рекомендацияларды билдирүүдөн карманууга.

Байкоочулар шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүүгө байланышпаган иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн өздөрүнүн статусун пайдаланууга укуксуз.

Борбордук шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин бузган учурда, ошондой эле жөнөтүүчү уюмдун же байкоочунун өзүнүн жазуу жүзүндөгү арызы боюнча байкоочунун аккредитациясын жокко чыгарууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын аймагындагы эл аралык байкоочу Кыргыз Республикасынын коргоосунда болот. Шайлоо комиссиялары, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ага өздөрүнүн компетенциясынын чегинде зарыл жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

Эл аралык байкоочулардын укуктарын бузган адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

## ИМАРАТТАН ТЫШКАРЫ ДОБУШ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУГА БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

Ким үйдөн добуш берет:

- шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок ден соолугунун абалы боюнча же ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар добуш берүү үчүн шайлоо участогуна келе албаганда;
- шайлоо күнү ооруканаларда жана шектүү жана айыпкер катары камак жайларында жаткан шайлоочулар;
- алыскы жана барууга кыйын аймактарда, алыскы жайыттарда мал чарбачылык кылган жерлерде убактылуу жашаган шайлоочулар;
- шайлоо күнү обочолонгон, калктуу конуштардан алыс жайгашкан аскер бөлүктөрүндө кызмат өтөп жаткан аскер кызматчылары;
- шайлоо күнү кызмат өтөп жаткан ички иштер органдарынын кызматкерлери;
- тизмеси Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилүүчү үзгүлтүксүз иш цикли бар ишканаларда иштеген шайлоочулар, вахталык негизде иштеген шайлоочулар.
- Участкалык шайлоо комиссиялары мындай шайлоочуларга добуш берүү күнүнө бир календарлык күн калганда шайлоо участогунан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

Байкоочу шайлоочулардын добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүсүнө, анын ичинде үйүндө мөөнөтүнөн мурда добуш берүүгө катышууга укуктуу. Бул үчүн шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүнүн жол-жобосун ага барууга (чыгууга) 30 мүнөттөн кечиктирбестен жарыялоого жана добуш берүү учурунда катышууга байкоочуларды чакырууга милдеттүү.

Байкоочу добуш берүүгө байкоо жүргүзүүчү жерге, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерге өз алдынча келет. Байкоочу добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү жөнүндө арыздардын (оозеки билдирүүлөрдүн) реестри, берилген арыздардын саны, комиссиянын мүчөлөрүн үйгө чакыруунун себептери жана реестрге киргизилген башка маалыматтар менен таанышууга укуктуу.

## СҮРӨТ ЖАНА ВИДЕО ТАРТУУНУ ЖҮРГҮЗҮҮГӨ УКУК

Байкоочу шайлоо комиссиясынын төрагасына, төраганын орун басарына алдын ала билдирүү менен шайлоо участкасында (шайлоо комиссиясынын төрагасы аныктаган жерден) фотосүрөткө жана (же) видеого тартууга укуктуу.

Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүнү уюштурууга байкоо жүргүзүүдө анын үйүндө (батиринде) фотосүрөткө жана (же) видеого тартууга шайлоочунун уруксаты алынууга тийиш.

## БАЙКООЧУ ЭМНЕ КЫЛУУГА УКУГУ ЖОК

Байкоочунун укугу жок:

- шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө же шайлоочу үчүн, анын ичинде анын өтүнүчү боюнча шайлоо бюллетенин алууда кол коюуга;

- шайлоочу үчүн, анын ичинде анын өтүнүчү боюнча шайлоо бюллетенин толтурууга;

- добуш берүүнүн купуялуулугун бузган аракеттерди жасоого;

- шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жүргүзгөн шайлоо бюллетендерин эсептөөгө катышууга;

- шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук кылууга;

- шайлоочулардын арасында шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүгө;

- шайлоо комиссиясынын чечимдерин кабыл алууга катышууга.

## ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ АЭУ ПРОТОКОЛУНУН КҮБӨЛӨНДҮРҮЛГӨН КӨЧҮРМӨЛӨРҮН БЕРҮҮ

Шайлоочулардын добуштарын эсептөө ачык жана жалаң гана участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан ырааттуу жарыялоо менен жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго тиешелүү түрдө катталуу менен жана анын чоңойтулган түрүндө (шайлоо комиссиясы белгилеген жерге илинет) бюллетендерди жана добуштарды саноо боюнча аткарылган иш-аракеттердин бардык натыйжалары жүргүзүлөт.

Добуштарды эсептөө жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу процессинде талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү, байкоочулар, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү тарабынан участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы аныктаган көрүүнү камсыз кылган жерден фото, кино, видео тартууну участкалык шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук кылбоо менен жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын көрсөтүү менен колдоно алышат.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо биринчи кезекте бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча депутаттыкка талапкерлер үчүн берилген добуштар эсептелет, экинчиден, бирдиктүү шайлоо округу боюнча саясий партиялар жана алардын талапкерлери үчүн берилген добуштарды эсептөө жүргүзүлөт.

Шайлоочулардын тизмеси менен иштегенден кийин шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө акт түзүлөт. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын колу жана мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн актынын көчүрмөсү катышып жаткан байкоочуларга берилет, андан кийин маалыматтар чоңойтулган протоколго киргизилет.

Добуштарды түздөн-түз санаганга чейин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүүнүн автоматтык түрдө эсептөөчү урналардан алынган алдын ала жыйынтыктарын жарыялайт, бул жөнүндө өзүнчө акт түзүлөт, ал добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго тиркелет жана катышкандардын баарына, участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнө, байкоочуларга, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө жарыяланат.

Талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү, байкоочулар сорттолгон шайлоо бюллетендери менен участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн көзөмөлү астында тааныша алышат.

Байкоочунун талабы боюнча АЭУ протоколуна кол коюлгандан кийин шайлоо комиссиясы аларга протоколдун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн берүүгө милдеттүү. Протоколдун көчүрмөлөрүн күбөлөндүрүү төрагалык кылуучу же төраганын орун басары тарабынан жүргүзүлөт. Мында протоколдун көчүрмөсүн күбөлөндүргөн адам көрсөтүлгөн көчүрмөгө «Туура» же «Көчүрмө туура» деген жазууну киргизет, кол коет, өзүнүн аты-жөнүн, көчүрмөнү күбөлөндүргөн датасын жана убактысын көрсөтөт жана шайлоо комиссиясынын мөөрүн басат.

**Байкоочуларды шайлоо участкасынан чыгаруунун негиздери жана тартиби**

Байкоочулар Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө мыйзамдарын бузган учурда жана соттун чечими менен шайлоо участкасынан чыгарылат.